


# Өткөн тарыхтын өзөгү бар (Ат - Башы кыштагынын негизделгени жөнүндө)

Кыргыз өлкөсүнүн чыныгы ар бир атуулу үчүн Ата-Мекен, Атажурт, эли өзгөчө ыйык да кымбат да. Ошон үчүн кыргыз эли кандай элбиз, эс тутумубуздун, тарыхыбыздын, руханий дөөлөтүбүздүн тамыры, башаты кайдан чыккандыгы түйшөлтпөй койбойт.

Айрыкча киндик кан таамп кир жууган айылдын, ал жайгашкан кичи атажурт

Ат-Башы жергеси. Ал жөнүндө күндөп түндөп айтса түгөнбөс легендага айланган узак-узак жомокторду уккандан тажабайсың. Эс тарткандан акыл-сезимдүү, сөзмөр, куйма кулак санжырачырлардын кыштын узак түндөрүндө саймедиреп, куюлуштуруп курган аңгеме-жомоктору али да жадымда. Алардын биринде

«... Илгери-илгери Кашкардан келе жаткан жолоочунун минген аты Арпа өрөөнүнө келгенде баспай калат. «Кайда кетмек эле тоюнуп алсын» деп жолоочу ээр-токумун алып, атты бош коё берет. Эртеси ээси атын кармай албайт. Курсагы тойгон ат оюн салып, төтө жол менен чыгышты карай салат. Ээси ээрин көтөрүп, аттын артынан жөнөйт. Токойлуу, шар аккан суусу бар жерге келгенде атын кармайт. Атына болгон ачуусу дене боюнан ашкан жолоочу ат колуна тиери менен башын кесип, куу жыгачтын башына сайып, жол боюна кагып коюптур. Ошондон улам Ат-Башы болуп калган экен» деп айтылат.

Дагы бир легенда «... Кайсыл бир кылымдарда ушул өрөөндөрдө жердеген кыргыздардын акылман баатыр Ханы болуптур, - деп башталат. Ал мезгилинде кырк хандыкка бөлүнгөн кыргыздан хандары «Атабашыбыз» деп сыйлап, урматтап, мезгил мезгили менен ушул өрөөнгө келишип, тирүү болсок бир дөбөдө бололу деп өрөөндүн ортосундагы дөбөгө чогулушуп, чечилбеген түйүндүү маселелерин чечип кетишчү тура. Ошондон улам өрөөндүн аты «Атбашы», жыйын куруп, маселе чечкен жер Чеч-Дөбө аталып калгандыгы» жөнүндө болот.

Санжырачылардын дагы биринин аңгемесинде «... Өрөөндө чоң той болуп, анын урматына беш жүздөй ат чабылат. Арпанын кептешинен коё берилген аттар Чеч-Дөбөдөн тосулат. Жалгыз үйлүү кедей жигиттин күлүгү биринчи келип, маарага жүз метр жетпей жыгылып, мүрт кетет. Артындагы аттардын караанлы көрүнбөйт. Көпчүлүктүн сүрөөнү менен күлүктүн ээси жүгөнүн албай аттын башын кесет, маарадан сүйрөп чыгат. Калыстар муну туура көрүп, биринчи байгени берген экен. Атбашы ошондон аталыптыр...» ушул сыяктуу уламыш-жомоктор айта берсе арбын...
«Ар бир кол жазманын өз тагдыры бар» дегендей бул чакан макалада Теңир-Тоонун бир өңүрү, жер соорусунун Ат-Башы аталып калыш таржымалы жөнүндө үстүртөдөн болсо да журналисттик азыноолак пикирге назарыңыздарды бургубуз келет.

Карт тарыхыбызга байкоо салсак байыркы бабаларыбыз жашаган доорлордо ар элден суурулуп чыккан акылман аалымдар кийинки муундарга алтынга алмашкыс руханий дөөлөттөрдүн жыйындысын тарыхый тактыктарды мураска калтырып келишкен экен. Бирок, оомалуу-төкмөлүү дүйнөнүн оош-кыйыш замандарында нечен бир тарыхтар басылма болбогондон кийин нускасы аз болуп, түрдүү себептер менен жок болуп же жарым жартылай биздин күнгө жеткен.

Биз үңүлгөн ошол айрым тарыхтардын биринде 973-1050-жылдарга жашаган илимдин ар кыл тарамын өнүктүргөн энциклопедист-аалым Абу Райхан Беруни астрономия боюнча жазган иштеринде өзүнүн чийген дүйнөсүнүн картасына «Атбашы» деп түшүргөн экен. Ошол эле араб географтарынын бири Ибн Хордадбек IX кылымда жазган «Жолдор жана мамлекеттер жөнүндөгү», XIII кылымдын башында Йакут Хамабинин, X кылымда Кудама Ибн Джафардын эмгектеринде «Атбашы» шаарын бийик тоолордун арасында жайгашкандыгы баса көрсөтүлөт. Ал тургай араб аалымдары Атбашы шаары Тибет менен Ферганадан канча алыстыкта жайгашкандыгын да көрсөтүшөт. Ибн Хордадбек «Атбашыдан Жогорку Нушажанга алты күндүк жол. Жолдо бир да кыштак жок.» деп жазат. Барсхан шаарын Нушажан деп жаңылыш жазылганын кийинки окумуштуу-изилдөөчүлөр аныкташкан...

Барсхан демекчи, XI кылымда Кара кагандар сулалесинен чыккан Барсханда бектик кылып, Ысык-Көл чөлкөмүн бийлеп турган Хусейиндин үй-бүлөөсүндө туулган энциклопедист-аалым Махмуд Ибн Хусейин ал Кашкари 1072-1077-жылдарда жазган «Түрк тилдеринин жыйнагы» китебинде Атбашы жөнүндө бир нече кайталап жазганы бар. Окумуштуу Омелян Прицак XI кылымда Барсханда, Атбашда (Атбашы) Шашда (Ташкен) жана башка шаарларда дубандык бектердин болгондугун жазат. Ал эми 1331-жылы түзүлүп, биздин күндөргө жеткен Орто Азиянын картасында «Атбаши» доордун өнүккөн шаарларынын катарында белгиленет.

Белгилүү окумуштуу Н.А. Аристовдун «Усундар жана кыргыздар же кара кыргыздар» деген көлөмдүү китебинде Эмир Темир Моголстанга жасаган үчүнчү жортуулунда 1373-жылы Атбашы шаарын бийлеп турган Камр Эддинди шаардан кууп чыгып, анын кызы Жашылкан сулууга нике кыйдырып, жай мезгилинде эки ай Ат-Башыда той өткөрүп кеткендиги айтылат. Сөз Атбашы өрөөнү жөнүндө эмес, Ат-Башы шаары тууралуу болуп жатканын окурман баамдап жаткандыр. Биздин билишибизче Ат-Башы шаары (Азыркы Хан Кошойдун Ордосу деп аталган шаар чалдыбары) качан курулганы жөнүндө окумуштуулар азырынча так жыйынтыкка келише элек. Н.А. Аристов «Кашкардын ханы Якуб-Текиндин бир тууганы Инб Эль Асир III-II кылымдарда салдырып, ошонун атынан Аббаши болуп аталып калышы ыктымал» деп божомолдойт.

1894-жылы академик В.В. Бартольд бул шаар чалдыбары III-II кылымдарга таандык, шаар урандысы экендигин жазган. Эмнеси болсо да Ат-Башы шаары IX кылымдан мурда эле кыргыз кагандары тарабынан курулуп, өзүнүн ыңгайлуу географиялык орду жана табигый шарты төп келген Теңир-Тоодогу кыргыздардын маанилүү борбору болуп келгендиги жогорудагыдай жана башка көптөгөн илимий булактарда кездешет. Замандардагы бийликтин оош-кыйыштарында бул шаарда түрк кагандары, могол эмирлери, уйгур хандыктары убактылуу жашап карамагындагы элди ушул жерден башкарып турушкан.

Атбашы тууралуу кызыктуу дагы бир маалымат XVI кылымда жазылып, бизге мураска калган «Мажму атут таворих» («Тарыхтардын жыйнагы») кол жазмада да бар. Кол жазма XVI кылымда жазылганы менен окуялар андан алда канча мурдакылар экендиги көрүнүп турат.

Кол жазмада Манас калмак ханы Жолой менен согушуп жатып, атасы Жакып менен кеңешип, жардам сурап кат жаздырып Атбашыдагы Аңга төрөгө (Инга төрө ал Баймурат Чериктин атасы) киши чаптырат. Инга төрө он эки миң кол менен Манаска жардамга барат. Жолойдун кошууну менен салгылашып кууп чыгат. Бул кабар эпостук окуя эмес, XVI кылымда Алтын Ордонун ханы Токтомуш хандын тушунда болгон чыныгы окуя катары сүрөттөлөт. Демек, Манастын тушунда эле Ат-Башы шаары бар экендиги элдин, шаардын башчысы Инга төрө болгонунан кабарлайт.

Ар кайсы илимий булактардан, кол жазма баяндамалардан алынган Ат-Башы шаары жөнүндө маалыматтар өтөлө арбын.

Кыскартып айтканда Ат-Башы орто кылымда курулган шаар. Биздин байкообузча ортоңку жана жакынкы чыгыштын мусулман авторлору фарс, иран, араб жана башка туркий тилдердин термининде жазышып, Атбашы топоними ар аалымдын жазуусунда Атебаши, Атбаш, Аббашы, Атбаши, Атабаш деп өзгөрүлүп берилген. Кийинчерээк шаардын атынан улам бүтүндөй өрөөндүн аймагы Атбашы аталып калган.

Ат-Башы калаасын же шаарын кыргыздар учурунда терең ойлонуп, ар тарабын жеткиликтүү «жети өлчөп, бир кесип» дегендей салышкан. Ат-Башы шаарынын эң бир артыкчылыгы саясий жана экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттер аралык даңктуу трансконтиненталдык Евразия соода магистралы Улуу Жибек -Жолунун боюнда жайгашкандыгында. Чыгыш менен батышты байланыштырган Улуу Жибек Жолундагы соода жана маданият карым-катнаш биздин доорго чейин эле II кылымда башталгандыгы бизге маалым. Бул жагынан алып караганда Атбашы калаасынын алгачкы пайдубалы IV-III кылымдарда пайда болушу ыктымал деген ой туулбай койбойт. Шаарга чет элдик эмирлер, хандар, бектер, элчи-дипломаттар, жер кескен саякатчы аалымдар, соодагер-көпөстөр ат тезегин кургатпай келип-кетип турган. Ушундай эл аралык соода жана элчилик карым-катнаштар аркылуу Атбашы шаары калкынын географиялык түшүнүктөрү, маданияты бардык чыгыш элдериникиндей эле деңгээлде болгон. Кандай болгон күндө да шаар гана өнүкпөстөн өрөөндүн географиялык мыкты абалын кенен жайытын, мол суусун, мал чарбасына ыңгайлуу шартын тандап алган көчмөн калк калаа сыртында Улуу Жибек Жолунан өткөн соода кербендердин эс алуусуна шарт түзүп, тамаш-аш, жүк ташуучу күч унаалар менен камсыздап, алардан алгандарын керектөөлөрүнө жумшап турушкан.

Окумуштуу Т. Чороев 1990-жылы чыккан макалалар топтомунда - «... Соодагарлерге түнөк берип, аларды эс алдырып, кайра жол улантышына өтө зарыл көмөгүн көрсөткөн атайын адамдарды «Биста» деп коюшкан. Алар өзүнүн соодагер мейманына «Сарт» терминин колдонушкан» - деп Махмуд Кашкаринин китебинин негизинде жазат.

Мунун да турмуштук чындыгы бар. Көпөстөрдүн соода кербендери эртебикечпи токойлуу, суусу таза, шибери белден буралган (Азыркы Атбашы кыштагы турган жер) жерге келгенде жүктөрүн унааларынан түшүрүп, эс алышкан. Соодагерлердин негизги күч унаалары качыр, өгүз, эшек болгон, өздөрү салт атчан жүрүшкөн. Ат-Башы суусу күпүлдөп кирип жатканда Чеч-Дөбөнүн күн чыгыш тарабындагы жайык жерден сайроондоп кечип өтүшкөн, ошондон улам жергилүктүү көчмөн калк соодагерлердин кербени кечип өткөн кечмеликти «Сарт» кечүү деп атап калышкан. Ал эми азыркы Ат-Башы кыштагы качан отурукташып калган? – деген суроо болушу ыктымал. Жогоруда айтылгандай соодагерлерди тейлөө үчүн азыркы Ат-Башы кыштагы турган жерде наабайхана, бирин-эки үйлөр болжолу XVI-XVII кылымдарда эле пайда болсо керек. Себеби, 1710-жылда Кокон хандыгынын бийлиги башталганда Ат-Башыда «Сарткечүү» түнөк жай жөнүндө сөз болгону бар. Кийин 1760-жылдары Кашкардагы кыргыздардын мин ашуун түтүнү Ат-Башыга келгенде Сарткечүүнүн мантуусуна таң калгандыктары аңыз кеп болуп калган. Демек, XVII кылымдын башында азыркы Атбашы кыштагы турган жерге алгачкы отурукташуу болгон деген божомолдуу айтсак апырткандык болбос.

Дагы бир божомолдорго таянып, азыркы Ат-Башы кыштагынын негизделгенине 120 жыл толду деч үүлөр болоор. Кайрадан тарых издерине саресеп салып көрөлү. 1863-1868-жылдары Нарын-Атбашы кыргыздарын Орусияга каратуу болгон. 1867-жылы Түркстан Генерал-Губернаторлугунун Жети-Суу облусу түзүлгөн. Ошол жылы Токмок уездинин составына Черик болуштугу кирген. Ал кездерде Улуу Жибек Жолунда соодагерчилик кылып батыштан, чыгыштан келип, турмуш-шартына байланыштуу бирин-экин соодагерлер, же алардын малайлары Ат-Башыны (Сарт кечүүнү) байырлап калышкан. Күнүмдүк жан сактоо үчүн кол өнөрчүлүк менен алектенишкен. Барабара суу тегирмен, устакана, наавайхана, кол өнөрчүлүк-тиричилик, зергерчилик өнүккөн. 1886-жылы Түркстан Генерал-Губернаторунун «Туркстан аймагын башкаруу жөнүндө жобосу» кабыл алынып, 1888-жылы Верный-дан (азыркы Алмата) Жети-Суу облусунун статистикалык башкаруу башкармалыгы-нын адистери Атбашыга келип, жерди ченеп, малды, жанды, түтүндү каттоодон өткөрүшкөн. 1888-жылдагы каттоонун негизинде 1913-жылы В.Е. Надзведскийдин «Жети Суу облусундагы отурукташкандардын жана көчмөндөрдүн административдик жайгашышы» деген китеби орус тилинде чыккан. Ал китепке «Атбашы кыштагы 1888-жылы негизделген» деп жазылган. Бул калпыстык анткени, Атбашы калаасы жогоруда айтылгандан мурда эле отурукташып, китепте көрсөтүлгөндөй «Фергана-Кашгар соода жолу үчүн ыңгайлуу жай болуп, анда 143 ишкана, 166 кол өнөрчүлүк жана тиричилик буюмдарды жасаган чарбалар, 3 тегирмен, 2 устакана, 6 наабайхана, 2 мечит, 1 медересе...» болгон. Демек, 1888-жылга чейин эле Атбашы кыштагы кадыресе кол өнөрчүлөрдүн калыптанган айылына айланганын өзү эле айтып турбайы...

Саясий кыйды оюнун акырындык менен ишке ашырууга далалаттанган Орусия 1890-жылдары Ат-Башы айылына өзүнүн Бажыканасын (таможнясын) салдырган. (Ал кызыл там кечээ эле 1960-жылдардын ортосунда бузулду.) Алгач бажыканачылар-ды, мугалимдерди, сан-фельдшерлерди алып келишкен. 1907-жылы орус-тузем мектебин ачып, өздөрүнүн балдарын окуткан. Кийин ошол орус-тузем мектебинен айрым жергиликтүүлөрдүн балдары жа билим алышкан.

Ат-Башынын тарыхын изилдөө ары татаал, кийинки муундар астында ары жоопкерчиликтүү иш. Тек гана тарых изине иликтөө чыйырын салууга далалаттан-дык. Эл, жер тарыхын өзөктүү тамырын терендеп изилдеп, өз ордуна коюш («Бөдөнөнү сойса да, касапчы сойсун» дегендей) тарых изилдөөчү-аалымдардын вазыйпасы.

Өтүнүч: бул макала боюнча сунуш-пикирлер болсо кабыл алам. Анткени, талаштан тактык жаралат эмеспи.

Тынчтык Султанов.
«Турмуштан тамган тамчылар»
2003-жыл.